УДК: 373.3.016
**DOI:10.58494/esai.24(8).2024.05**

*Алиева Бусалийма Манаповна,*
*ОшМУ, доцент*
*busalima-alieva@mail.ru*
*Акбарова Гулмира Жолдошалиевна,*
*ОшМУ, магистрант*

## БАШТАЛГЫЧ КЛАСС ОКУУЧУЛАРЫНЫН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО ЖОЛДОРУ

***Аннотация.*** *Окуучулардын билим жетишкендиктериндеги баалоо процессинин өзгөчөлүктөрү. Баалоонун түрлөрү, кенже класстын окуучусунун баалоодогу критерийлери, окутуунун компетенциялары. Билим берүү системасы инсандын талабын канааттандыра тургандай, коомдо болуп жаткан өзгөрүүлөргө шайкеш келе тургандай, жаңы абалда адаптациялана ала тургандай инсанды тарбиялоо, азыркы кездерде окуучулардын жетишкендиктеринин натыйжасын жаңыча баалоодо, формативдик баалоо жана суммативдик баалоо деген түшүнүктөр. Жетишкендиктерин баалоо жолдору, окуу көндүмдөрү жана компоненттери, баалоо критерийлери менен иштөө методикасы, окуучунун өзүн-өзү баалоо көндүмү, мугалим окуучулар менен биргеликте «Окурман театры» көнүгүүсү менен баалоо критерийлерин жана «Эки бир тууган» жомогунда окуучу өзүнүн жетишкендиктерине өзү байкоо жүргүзө алгандыгы баяндалды.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *баалоо, окутуу, мугалим, башталгыч класс окуучусу, билим, жетишкендиктер, көндүмдор, компонентер, компетенциялар, калыптандыруучу баалоо жана жыйынтык.*

## ПУТИ ОЦЕНИВАНИЯ УСПЕВАЕМОСТИ УЧЕНИКОВ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ

***Аннотация.*** *Особенности процесса оценивания учебных достижений учащихся. Виды оценивания, критерии оценивания младших школьников, педагогические компетенции. Система образования отвечает потребностям личности, адаптируется к изменениям, происходящим в обществе, по-новому воспитывает личность, по-новому оценивает результаты достижений учащихся, формативное оценивание и суммативное оценивание. Способы оценки достижений, навыки и компоненты обучения, методы работы с критериями оценки, навыки самооценки учащегося, критерии оценки при выполнении упражнения «Читательский театр» учителем совместно с учащимися и то, как учащийся смог контролировать собственные достижения в сказке «Два брата» были описаны.*

***Ключевые слова:*** *оценивание, обучение, учитель, ученик начальной школы, знания, достижения, навыки, компоненты, компетенции, формирующее оценивание и результат.*

## WAYS TO ASSESS THE ACADEMIC PERFORMANCE OF PRIMARY SCHOOL STUDENTS

***Annotation.*** *Peculiarities of the assessment process of students' educational achievements. Types of evaluation, evaluation criteria of junior grade students, teaching competencies. The educational system meets the needs of the individual, adapts to the changes taking place in the society, educates the individual in a new way, evaluates the results of the students' achievements in a new way, formative assessment and summative assessment.*

*Ways of evaluating achievements, learning skills and components, methods of working with evaluation criteria, student's self-evaluation skills, evaluation criteria with the "Reader's Theater" exercise by the teacher together with students, and how the student was able to monitor his own achievements in the tale "Two Brothers" were described.*

***Key words:*** *assessment, teaching, teacher, elementary student, knowledge, achievement, skills, components, competencies, formative assessment and outcome*

**Киришүү**

Кыргызстандагы билим берүүнүн ар кандай баскычтары баардыгы бир жарым миллиондон көп адамды кучагына алат, анын ичинде мектеп окуучулары, кесиптик лицейлердин, университеттер менен техникумдардын студенттери бар. Ошондой эле мектеп мугалимдери, жогорку окуу жайларынын жана орто кесиптик окуу жайларынын көп миңдеген окутуучулары бар.

Илим менен техниканын жетишкендиктери, бүткүл дүйнөлүк глобалдашуу процесси адамдын ой жүгүртүүсүн, анын жүрүм-турумун өзгөртүүгө дуушар кылып, адамдардын жүрүм-турумунун жаңы маданиятын, алардын ортосундагы карым катнаштардын жаңы формаларын жана түрлөрүн пайда кылат.

Азыркы коомго активдүү, креативдүү, коммуникативдүү, ар дайым өнүгүүдө жана өзгөрүүгө даяр болгон инсан керек. Билим берүү системасы инсандын талабын канааттандыра тургандай, коомдо болуп жаткан өзгөрүүлөргө шайкеш келе тургандай, жаңы абалда адаптациялана ала тургандай инсанды тарбиялап чыгууга тийиш.

Окутуу – тарбия берүү багытында иш алып барууда жаны инновациялык техноологиялар менен сабак өтүү, ар бир окуучуга интеллектуалдык денгээлине жараша мамиле кылуу, чыгармачыл, сын ой жүгүртүү дареметин күчөтүү, сабактын багыттуулук, мазмундуулук жагына көңүл буруу менен натыйжаларын баалоо методикасын өркүндөтүү жолдору – мезгилдин талабы.

**Изилдөө методдору**: Баалоо – бул окутуудагы жетишкендиктерди ченеп-өлчөөчү жана андагы проблемаларды диагноздоочу, кайтарым байланышты жүргүзүүчү, билим берүү процессинин катышуучуларын (класстын окуучуларын, мугалимдерди, ата-энелерди жана мамлекетти) билим берүүнүн абалы, проблемалары жана ийгиликтери жөнүндө кабардар кылуучу негизги каражат. Окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоо системасы – бул берүү программаларын өздөштүрүүнүн сапатын (окуучулардын пландалган билим берүү натыйжаларына жетишүүсүн) баалоо, билим берүү процессинин маанилүү элементи.

Компетенттүүлүк билим берүүдө окутуунун натыйжалары – бул билим берүү процессинин белгилүү этабында окуучунун негизги жана предметтик компетенттүүлүгүнө ээ болуу деңгээли менен көрсөтүлгөн окуучунун билимдеги жетишкендигинин топтому.

Окуучулардын окуу жетишкендиктери билим берүү сапатынын эң маанилүү көрсөткүчү. Окуучунун окуу жетишкендиктерин иликтөөгө, алардын маанисин ачып көрсөтүүгө, жетишкендиктерди баалоого, баалоонун критерийлерин тактоого арналган проблемалардын үстүнөн кыргыз окумуштуулары да эмгектенишкен.

*Баалоо* – бул окуучунун окуу жана таанып билүү ишмердүүлүгүнө байкоо жүргүзүү, ошондой эле билим берүүнүн сапатын жогорулатуу максатында окуучу жөнүндө маалыматтарды баяндоо, жыйноо, каттоо жана чечмелөө процесси.

Акыркы кездерде окуучулардын жетишкендиктеринин натыйжасын жаңыча баалоодо, *формативдик баалоо* жана *суммативдик баалоо* деген түшүнүктөр, сөздөр көп колдонула баштады. *Формативдик баалоо* калыптандыруучу, түзүүчү, куруучу, түптөөчү, негиздөөчү, баалоо деген түшүнүктү билдирет. Бул түшүнүктөр салттуу окутууда (традициялык) калыптандыруучу баалоо деген ат менен белгилүү жана мурунтадан эле колдонулуп келген. Бирок учурдагы аталышы калыптандыруучу баалоо мугалимдерге тааныш болгону менен анын маани-маңызы, мазмуну, формасы технологиясы, методу, дидактикалык принциптери, сабакты пландаштыруу, максат коюу менен өзгөчөлөнөт. *Калыптандыруучу баалоо* инсанга багытталат, окуучунун жеке мүмкүнчүлүгүн эске алат.

Окутуу үчүн төмөндөгү жалпы компетенпияларын [4]:

- интерактивдүү сабакты пландаштыруу жана уюштура билүү;
- классты башкаруунун проблемаларын чечүү билгичтиктерин;
- планиметрия курсу боюнча окуу мазмунун талдоону;
- сабактарды талдоо жана өзүп-өзү сындоону ишке ашыруу;


- топтордо иштетүү;

-окутуунун интерактивдүү методдорун колдонуу;

- сабактын максаттарына ылайык келген окуп-үйрөнүү тапшырмаларын иштеп чыгууну жана практикада пайдалана билүү;

- чыгармачылыкта иштөө ж.б. жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү.

*Окуучулардын жетишкендиктерин баалоо* – педагогикалык процесстин маанилүү элементи болуп эсептелет, ал эми баа – мугалимдин тигил же бул милдетин аткарууда таасирдүү педагогикалык каражат (1-сүрөт). Кандай гана баалоо болбосун, ал окутуу-окуу процессинде мугалим менен окуучунун өз ара аракеттешүүсү канчалык натыйжалуу экендиги тууралуу окуучунун же мугалимдин маалымат алуу муктаждыгынан келип чыгат. Педагогикалык иш-аракеттердин негизги принциби – бул окуучулардын өнүгүүсүнө түрткү берүү. Баланын окуп-өнүгүү процесси ар дайым өзгөрүп турат. Кенже класстын окуучусунун окууда өз алдынчалыкка, демилгелүү жана жоопкерчиликтүү болууга жетишүүсү үчүн баланын өзүн-өзү текшерип, баалоосу өзгөчө мааниге ээ, башкача айтканда, өзүнүн жана классташтарынын жетишкендигиктерин өз алдынча текшерип, баалай алуусу, окуудагы кемчиликтеринин себептерин аныктап, аларды жоё алуу жөндөмдүүлүгү.




*1-сүр. Жетишкендиктерди баалоо жолдору*

Окуу көндүмдөрүн жана компоненттерин [5]:

1.Фонеманы кабыл алуу – кептин өрчүүсүнүн базалык көрсөткүчү. Бул тилдин негизги тыбыштарын таанып билүү жөндөмдүүлүгү, тыбыштар менен тамгалардын ортосундагы айырмачылыкты билүү; тыбыштардын ар түрдүү муундарды түзө ала тургандыгын билүү. Фонеманы кабыл алуу оозеки жана жазуу кеби менен тыгыз байланыштуу жана окуу көндүмдөрүнүн түптөлүшүнө эң керектүү шарт болуп эсептелинет.

2. Сөздөрдү окуй алуу (декодирование) – жазылып турган сөздүн окулушу: тамганы таанып, аны үн менен айкалыштырып кетүү, бир канча тамганы муунга жана бир канча муундарды сөзгө бириктире алуу.

3. Сөз байлыгы – бул окуучунун оозеки жана жазуу кебинде (тилинде) билип, жана колдоно алган сөздөр жыйнагы.

4. Шар окуу – оозеки кептин темпиндеги окуу ылдамдыгы. Бир мүнөттө окулган сөздөрдүн саны менен өлчөнөт.

5. Окуп түшүнүү – текстин маанисин толук түшүнүү дегенди билдирет. Окуп түшүнүү тексттин өзүнө эмес анын мазмунуна жана идеясына багытталган.

Окуучулардын окуу процессине активдүү катышуусунун маанилүү багыты – бул окуучулардын баалоо критерийлерин билип, түшүнүүсү.

*Критерийлерди иштеп чыгуу* – баалоо процессин ачык-айкын жана бардыгына түшүнүктүү болуусун камсыздайт. Аларды окуучулар менен биргеликте иштеп чыгуу – окуучулардын баалоого карата позитивдүү мамилесин калыптандырууга мүмкүнчүлүк берет.

Баалоо критерийлери менен иштөө методикасы төмөнкү тартипте жүргүзүлсө болот:

1. Баалоо критерийлерин иштеп чыгуу (мугалим өзү же окуучулар менен биргеликте).
2. Тапшырманы берер алдында окуучуларга критерийлерди берүү, зарылчылык болгон учурда мазмунун түшүндүрүү.
3. Окуучулардын тапшырманы аткарып жаткан учурда баалоо критерийлерине кайрылып туруусу.
4. Иш-аракеттин натыйжасын көрсөтүү (окуу, айтып берүү, суроолорго жооп берүү, презентация өткөрүү ж. б.).
5. Мугалимдин же окуучулардын иш-аракетин критерийлер боюнча (өзүн-өзү же бирин-бири) баалоосу.

Мисалы: Мугалим окуучулар менен биргеликте «Окурман театры» көнүгүүсү боюнча презентация үчүн төмөнкү баалоо критерийлерин иштеп чыгат:

1. Текстти (интоннация, тыным, басым жана тыныш белгилерин сактоо менен) көркөм окуу.
2. Окууну мимика же жаңсоолор менен коштоо.

Башталгыч класстардын окуучулары үчүн колдонулуучу баалоо критерийлери 3–5тен ашпашы керек (критерийлер окуучулар үчүн түшүнүктүү болуусу шарт).

*Өзүн-өзү баалоо* – бул өзүнүн күчтүү жана алсыз жактары, мүмкүнчүлүктөрү жана көйгөйлөрү жөнүндө маалыматтарды топтоп, талдоого багытталган процесс.

Окуучунун өзүн-өзү баалоо көндүмү өз ишин бир катар критерийлер боюнча баалоонун негизинде калыптанууга тийиш. Аталган шартта гана окуучу өзүнүн ишин, ар бирине өзүнчө баалоо критерийи колдонулган, бир кыйла жөндөмдүүлүктөрдүн топтому катары көрө алат.

Окуучу өзүнүн жетишкендиктерине өзү байкоо жүргүзө алат.

Мисалы: Мугалим «Эки бир тууган» жомогуна тиешелүү төмөнкү суроолорду алдын ала даярдап, кагазга жазып коёт. Жомоктун үзүндүсүн окугандан кийин суроолорду окуучуларга таратат же окуп берет, ар бир окуучу жоопторун өзүнө жазып алат.

- Окуя кайда болду?
- Бул жомокто ким же эмне жөнүндө баяндалат?
- Эмне үчүн _________ болду деп ойлойсуңар?
- Окуя мындан ары кандай уланат деп ойлойсуңар?
- Каармандар эмне болот?
- Бул үзүндүдө кандай ой камтылган?

Андан кийин мугалим туура жоопторду көрсөтөт же окуп берет, ал эми окуучулар өз жоопторун салыштырып, баалайт. Ошол эле учурда мугалим окуучулардын жоопторун калыптандыруучу баалоонун «жол чырагы» ыкмасын колдонот.

Мисалы:

Тексттеги бир мүнөттө окулган жалпы сөздөрдүн саны (мисалы:20). Кетирилген каталардын саны (мисалы 3).

Демек туура окулган сөздөрдүн саны 17 (20-3=17).

Окулган сөздөрдүн жалпы санын кетирген каталардын санына бөлүү керек.

Анан аны 100% көбөйтүү керек. 17: 20 х 100 % = 85 %.

Жыйынтыгы: окуучунун окуусу үлгүлүү деңгээлге туура келет.

*Корком окууну баалоо* Үлгүлүү деңгээл – бардык 4 талап аткарылган. Жетиштүү деңгээл – 3-4 талап сакталган. Жетиштүү эмес денгээл – бир гана талап аткарылган. Жыйынтыктоочу форма.

Окуу техникасынын комплекстүү баалоо формаларын текшерүү үчүн ар бир компонентке жыйынтыктоочу формаларын кандай колдонуу керектиги билүү менен мугалим бул формага окуу техникасын текшерүүнүн бардык жыйынтыктарын киргизет.

**Корутунду**

Башталгыч класс окуучуларынын тереӊ билим, билгичтиктерге ээ болушу окутуунун усулдарына гана эмес, окутуу ишин уюштуруунун формаларынан, баалоо өзгөчөлүктөрүнөн да көз каранды. Окуучулардын билимдеринин жана билгичтиктеринин деңгээлин так аныктоого багытталган беш деңгээлге бөлүнгөн баанын киргизилиши, билим берүү системасынын өнүгүүсүндөгү зарыл кадам болгон. Баа окуучунун билиминин объективдүү көрсөткүчү катары каралган.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Башталгыч мектепте баалоо. (Кыргызстандагы READ программасы). –Бишкек, 2014.
2. Келгиле окуйбуз. (Мугалимдер үчүн колдонмо.).- Бишкек,2012.
3. Башталгыч класстарда окуу көндүмдөрүн баалоо: методикалык колдонмо / Хамзина С.А., Низовская И.А., Фадеева Г.Н., Мааткеримова А.Д. – Б.: ОсОО «Папирус Принт», 2016. – 78 б.
4. Башталгыч класстарда окуу көндүмдөрүн баалоо. Усулдук колдонмо. Бирге окуйбуз долбоору. – Бишкек,(USAID),2016.
5. Башталгыч мектепте баалоо. – Бишкек, 2014.